УДК 37.013

**Ташбаева Г. А.**
*преп. Кыргызско-Узбекского Междун. универ., Кыргызская Республика*

## САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨ ТҮШҮНҮГҮНҮН ЭТНОПЕДАГОГИКАДАГЫ ОРДУ

*Изилдөөнүн предмети катары этнопедагогика жана андагы салттуу үй-бүлө түшүнүгү талдоого алынды. Изилдөөнүн максаты-салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балага тарбиялык жактан таасир этүүчү туугандык байланыштарды көрсөтүү, алардын карым-катышын белгилөө. Кыргыз элдик тарбиялоо салтындагы ата-эненин ролу жана салттуу үй-бүлөнүн балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеяларынын бүгүнкү күндөгү маанисин ачып берүүдө салыштыруу, этнопедагог окумуштуулардын аныктамаларын анализдөө, илимий жыйынтыктарды формулировкалоо методдору колдонулду.. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлө институтунун компоненттери жана салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн функциялары аныкталды. Проблеманы чечүү үчүн этнопедагог окумуштуулардын аныктамалары пайдаланылды. Кыргыз элдик педагогикасындагы ата-энелердин балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялоо идеялары көчмөн турмуш шарттарына ылайык чечмеленди. Илимий макаладан алынган натыйжалар жалпы билим, тарбия берүү мекемелеринде, кесиптик колледждерде жана жогорку окуу жайларында окутуу, тарбиялоо жараянын уюштурууга өбөлгө түзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик педагогика; кыргыз үй-бүлөсү; эмгекке тарбиялоо; этнос; педагогикалык маданият; материалдык баалуулук; руханий баалуулук.*

## РОЛЬ ТРАДИЦИОННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ СЕМЬИ В ЭТНОПЕДАГОГИКЕ

*Предметом исследования является этнопедагогика и традиционное понятие семьи. Цель исследования - показать отношения, оказывающие воспитательное воздействие на ребенка в традиционной кыргызской семье, установить их отношения. С помощью сравнительных методов, анализа определений ученых-этнопедагогов, формулировки научных результатов раскрывается роль родителей в кыргызской национальной традиции воспитания и актуальность идей традиционного семейного трудового воспитания детей. В результате исследования были выявлены компоненты института семьи в педагогической культуре кыргызского народа и функции традиционных кыргызских семей. Для решения проблемы использовались определения ученых-этнопедагогов. В кыргызской народной педагогике представления родителей о воспитании в своих детях любви к труду интерпретировались в соответствии с условиями кочевой жизни. Результаты научной статьи способствуют организации учебного процесса в образовательных учреждениях, профессиональных колледжах и университетах.*

***Ключевые слова:*** *народная педагогика; трудовое воспитание; этнос; педагогическая культура; материальная ценность; духовная ценность.*

## THE ROLE OF THE TRADITIONAL KYRGYZ FAMILY IN ETHNOPEDAGOGY


*The subject of this article is ethnopedagogy and the traditional concept of the family. The purpose of the study is to show the relationship that has an educational impact on a child in a traditional Kyrgyz family, to establish their relationship. With the help of comparison methods, analysis of definitions of scientists-ethnopedagogues, formulation of scientific results, the role of parents in the Kyrgyz national tradition of upbringing and the actual importance of the ideas of traditional family labor education of children are revealed. As a result of the study, the components of the institution of the family in the pedagogical culture of the Kyrgyz people and the functions of traditional Kyrgyz families were identified. To*

*solve the problem, the definitions of ethnopedagogic scientists were used. In Kyrgyz folk pedagogy, the ideas of parents about raising love for work in their children were interpreted in accordance with the conditions of nomadic life. The results of the scientific article contribute to the organization of the educational process in educational institutions, professional colleges and universities.*

***Keywords:*** *folk pedagogy; Kyrgyz family; labor education; ethnos; pedagogical culture; material value; spiritual value.*

Этнопедагогика – бул этностун салттуу билим берүү жана тарбиялоо маданиятын окуп-үйрөнүүчү жана үйрөтүүчү илим. Ар бир улуттук маданиятта үй-бүлө түшүнүгү болот. Үй-бүлө, орусча айтканда – семья, латынча – familia. Ал адамдардын биримдиги, алардын коому, бул коом алардын никелик жана тууганды биримдигине байланышкан. Мына ошол байланыш салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө төмөнкүдөй жалпылыктардан турат: биринчиден, бой жеткен кезден никеге туруу; никеге турган соң күйөөсү менен зайыбы биргелешип болочоктогу баласы үчүн кам көрүү (аялдын оор жумуштарды аткарбашы; аялдын бала багууну, аларды тарбиялоону үйрөнө баштаашы; аялдын талгагын эркек менен аялдын биримдикте кандырыуусу; эркектин бала үчүн керектүү нерселерди даярдоосу; экинчиден, аялдын жана эркектин оокат-тиричиликте өз орду-ордун билүүсү, мисалы, отун алуу, аңчылык кылуу эркектин жумушу болсо, жууркан каптоо, сайма саюу аялдын жумушу, ошол эле кезде экөө бирдей аткара турган иштер болот, айталык, үйгө келген конокту кабыл алуу, жайгаштыруу, сыйлоо аял-эркек бирдей аткара турган жумуш; үчүнчүдөн, үй-бүлөнүн чоң милдети – бала тарбиялоо. Салттуу тарбия маданиятында адамдын жетилиши, анын жаман-жакшы жагы ата-эне менен тыгыз байланыштырылат.

Кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлө институту мындай бөлүктөрдөн турат.




1-сүрөт – Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балага тарбиялык жактан таасир этүүчү туугандык байланыштары

Дүйнөнүн көптөгөн элдеринен, уруу-уруктарынан айырмаланып салттуу кыргыз үй-бөлөсүндө жети ата жана уруу аксакалдары өзгөчө балага тарбиялык таасир бере турган фигуралар болуп эсептелет. Экинчи бир өзгөчөлүк салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө чоң үй-бүлө деген түшүнүк бар, ага ылайык бир үй-бүлөнүн башында чоң ата, же чоң эне турат, ага ошолордон тараган балдар жана алардын балдары бүт келип, ар күнү аткарган иштерин

айтып, ар түрдүү маселелери кеңешип, чогуу чечип турат. Мына ошол чоң үй-бүлөнүн башчылары майда үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын билип, бири-бирине жардам берүүгө чакырат.

Кыргыз үй-бүлөсүн этнографиялык багытта изилдеген С.М.Абрамзон мындай бир салттуу үй-бүлөгө аныктама берет: «Токтоназардын үй-бүлөсү 15 адамдан: өзүнөн, анын эки аялынан, алты уулунан (Иманназар, Исак, Абдурасул, Иманалы, Жапаралы жана Жунусалы), эки кызынан, үч келининен жана бир небересинен турган. Тун баласы Иманназар 42 жашта, кенжеси Жунусалы 5 жашта болгон. Иманназардан башка бардык балдары атасы менен бир үйдө жашаган. Иманназар өзүнүн аялы жана алты жашар уулу менен бөлөк кыштоо үйүндө жайгашкан. Үй-бүлөнүн жалпы байлыгы: 150 кой, 20 бээ, 10 уй жана 1 төө болгон. Малдын формалдуу белгилүү бөлүгү өзүнчө түтүн булаткан улуу баласынын менчиги деп эсептелгени менен, чындыгында мал бөлүнгөн эмес. Тамак-аш запастары да бүт үй-бүлө үчүн жалпы болуп, бирге тамактанышкан. Бүткүл чарбалык тиричиликке жана ички үй-бүлөлүк иштерге жетекчилик анын башчысы Токтоназарга таандык болгон. Ага уулдарынын ичинен бардык жагынан эстүү жана бирден-бир сабаттуу үчүнчү уулу Абдурасул жардамдашкан. Ал үй-бүлөлүк иштерди башкарууда атасынын түздөн-түз жардамчысы гана болбостон, керек учурларда ал бүткүл жамаатка тийиштүү болгон бул же тигил маселелерди үй-бүлөнүн атынан чечкен» [1].

Андан ары этнограф үй-бүлө мүчөлөрүнө мындай милдеттер бөлүнгөнүн айтат: баарына көрсөтмө берген Абдурасул, бүт малга көз салган улуу уулу Иманназар, экинчи жана төртүнчү уулдары Исак менен Иманалы үй чарбасы боюнча эркектин жумуштарын аткарган (отун даярдоо, эгин эгүү, сугаруу, оруу), али кичүү балдары Жапаралы менен Жунусалыга белгилүү милдет бөлүнбөгөн. Жайыт тандоо, көчүү-коюу, мал дарылоо иштерин Токтоназар өзү аткарган. Анын байбичечи (биринчи аялы) «үй-бүлөнүн үй тиричилигин башкарган, келиндерине жана кыздарына буйрук берген, алар аткарууга тийиш болгон үй жумуштарынын түрлөрүн белгилеген. Ал кыз-келиндерине жип ийрүүнү, сокмого калың жүк таарларын согууну, аркан эшүүнү, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн кийим тигүүнү, сайманы үйрөтүп, аларга түшүндүрмө берип турган. Байбиче кандай жана канчалык санда тамак даярдоо керектигин айтып, ал үчүн азык-түлүктү бөлүп, меймандарды кабыл алууга сөзсүз катышып, алар үчүн тамак асууга буйрук берген. Кыздардын жана келиндердин адептүүлүгүнө көз салуу да байбиченин милдетине кирген. Ал жүрүш-туруштун эрежелери жөнүндө аларга насаатын айтып, үйдөн көп чыгууга жана чоочун эркектер менен сүйлөшүүгө тыюу салган. Улуу аялы Токтоназардын экинчи аялын да кошуп, калган кыз-келиндерин жемелөөгө укуктуу. Экинчи аялы жалпысынан биринчи аялга баш ийип, бардык иштерде анын жардамчысы болгон. Анын тилин албай коюуга же каяша айтууга уруксат берилген эмес. Байбиченин өзү күйөөсүнө гана кыңк этпестен баш ийип, үй-бүлөнүн калган бардык мүчөлөрү менен катар күйөөсүнө «сиз» деп гана кайрылган» [2].

Кыргыз элинде балдарды тарбиялоодо карылардын, улуулардын милдети өзгөчө феномен. Кары адамдар –турмуштук тажрыйбасы мол, этнопедагогдор. Элде: «Карынын сөзүн капка сал», «Кары билгенди – пери билбейт», «Карынын сөзү – акылдын көзү», «Карынын сөзү – канык, көрсөткөн сөзү – жарык», «Карынын сөзү – жамак, жамагы – жашоого сабак», «Карынын сөзү кеп болот, калайыкка эп болот» деген сыяктуу макалдар байыртадан айтылып келет[3, 192-194 бб.].

Бул үй-бүлөдө жумуштар төмөнкүдөй бөлүнөт:

*Келиндер:* тамак даярдоо; суу ташуу; от жагуу; жип ийрүү; бээ, уй, кой, эчки сааш; жүндөн кездеме токуу; тери ашатуу; кийиз бышыруу; көчкөндө үй чечүү, үй тигүү; үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн төшөк салуу; үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн кийим-кечелерин жамоо; эркек жана аялдар кийимин тигүү (өтүктөн башка) ж.б.

*Кыздар:* Келиндер жана аялдар аткаруучу бардык жумуштарды үйрөнүп, келиндерге жана энелерине жардам берүү.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө эң негизги жашоо принциби – улууларды угуу болгон. Эгер өзүндөн улуу ата, эне, эже, ага, башка эле тааныш, же бейтааныш адамдар бир тапшырма берсе, же ишке жумшаса, кичүүлөр аны аткарууга милдеттүү болгон. Муну «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт» деп эсептешкен. Кыз тандоодо, куда түшүүдө ошол кыздын энесине, эжелерине карашкан, «Энесин көрүп кызын ал» деген макал мына ошондон келип чыккан. «Элпек бала» деген түшүнүк бар. Мындай балдар башкалардын жумшаганын тез аткарган, жумушту берилүү менен жасаган.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн өз орду болгон: чоң ата (ал жок болсо ата) эшиктин бет маңдайына – төргө отурган, анын сол жагына аялы отурат, оң жагына улуулаты эркек балдары отурат, сол жагындагы аялынан кийинки орунга кыздары, алардан соң күйөө балдары менен келиндери отурат. Тейлөө жумуштарын келиндер менен күйөө балдар жүргүзөт. Кээде күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр деп төр жакка өткөзгөн, төркүнгө келген кызга да төр тараптан орун берген. Мына ушул тартипте эт тартылып, устукандар сунулган. Бул тартип байлардын болсун, кедейлердин болсун – ар бир үй-бүлөнүн этикети катары кылымдар бою сакталган. Тамакты эң биринчи үй ээси, андан соң аксакал адам ооз тийген. Тамак тартуу процесси да эмгек менен коштолгон. Кичүү балдар (ишке жараганы) жана күйөө балдар мал союп, казан асып, тамак бышырган, аларга келиндер жардам берип, кесме кескен. Бышкан тамакты үйгө алып кирген кезде да кичүүлөрдүн бири устукан бөлгөн, күйөө балдар эт туураган, келиндер сырттан камыр бышырып келип турган. Мына ушул тамакка отуруу процессиндеги эмгектенүү муундан муунга өткөрүлүп келген.

Кыз балдар башка бирөөнүн бүлөсү болот деп ата-эне аларды эмгекчил болууга тарбиялаган. Кыз балдарды кеч жаткырып, эрте тургузган.  Барган жерине батып кетсин дейт. «Уул туулса, жол сүйүнөт, кыз туулса, очок сүйүнөт» дегендей кызды тамакты даамдуу жасоого үйрөтүү эненин биринчи милдети болгон. «Септүү болгончо, эптүү бол» деп кызды болочок үй-бүлөсүндө жакшы жашап кетүүсү үчүн сайма саюуга, төшөк тигип, каптоого, кийим бычып-тигүүгө, жамоого үйрөнүшү керек. Кыргыз кыздары тогуз жашынан эле музоолорду эмизип, уй сааган, күп бышып, каймак чыгарган, ата-энесине, эркек бир туугандарына төшөк салып берген, бөбөктөрүн кийиндирген, ичиндирген, ойнотуп алаксыткан. Ал эми эркек балдар он эки жашынан балакатка жетти деп эсептелип атасы менен чогуу аңчылыкка чыккан, өзү тоо-токойдон отун таап келген, ат минип, жумшаган жерге барган, жоголгон малдарын издөөгө жалгыз чыккан.

Балдарынын дене-бой, акыл-эс, эмоционалдык, эстетикалык жактан өнүгүүсүндө эң биринчи шарт түзүүчү ата-эне болуп саналат.

Демек, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү анын ар бир мүчөсү маанилүү коомдук баалуулуктарга ээ болгон.

Жоокерчилик замандарда, тынбай согуштар болуп келген доорлордо жетим калган балдар, жесир калган аялдар көп кездешкен. Ошол учурда аларды талаада таштап койбогон.

Алар чоң үй-бүлөлөрдүн карамагына алынган, же жеңесин кайнисине, келинди кайын агасына никелеп, өз үй-бүлөлөрүнөн чыгарган эмес. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү негизги милдет жоокерлерди даярдоо болгон. Себеби ар бир эркек эл-жерин коргошу керек деген принцип менен жашап, турмуш-шарт ошого мажбурлаган.

«Байыртадан кыргыздар жоого каршы турууга, жоо менен кайсыл убакта болсун согушууга даяр турууга балдарын тарбиялаган. Согушта жеңүүнүн башкы шарты жана чоң мүмкүнчүлүгү – бул же тигил тараптын аскердик билимдеринин, жоокерлеринин күчтүүлүгү, алардын теориясы менен практикасынын туура айкалыштырылышы. Бул балдарга үйрөтүлүүчү аскерий билимдер көптөгөн жылдар бою түзүлөт жана көптөгөн аскер жетекчилеринин тажрыйбасында текшерилип чыккандан кийин уруш талаасында сындан өткөрүлөт. Аталган билимдер согуш стратегияларынан, тактикаларынан, согуш куралдарынан, аскерлердин курамынын күчүнөн, урушка даярдыктарынан, жоокерлердин моралдык-психологиялык абалынан ж.б. компонеттерден турат. Согуш – кыргыз жигиттеринин кадимки иши, күндөлүк жашоосу катары кабылданган, андыктан алардын психологиясы согуштук психология, чабуул коюунун психологиясы болгон да, аламан-чабуул деген тактика менен согушка киргенде кадимкидей чыйралып, жазылып калган. Себеби алар ошол согушка, согушта чабуул коюуга даярданып, камынып келген» [4, 83-84]. Мына ошол аскердик өнөргө үйрөтүү түздөн түз эмгекке тарбиялоо менен байланышат, анткени аскер болуу үчүн эмгектене билүү керек, бул эмгектенүү ат жабдыктарын жасоо, ат багуу, согуш куралдарын жасоо жана сактоо, дене-боюн чыңдоо менен байланышат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүн функциялары негизинен төмөнкүдөй багытта болгон.

1 - Таблица – Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн функциялары

| Функциялар | Функцияны ишке ашыруучу факторлор |
|---|---|
| **Репродуктивдүү** | тукум улоочулук; көп балалуу болуучулук; эркек балдардын төрөлүшүнө өзгөчө маани берүүчүлүк: ата-энелердин тукум улоосу үчүн алардын ден соолугун чыңдоо; аялдын талгагын канааттандыруу; кан жаңыртуу (башка уруулардын кыздарын алуу, кыздарын ошондой алыс жактарга берүү); бала жарата турган ата менен эненин бири-бирине берилүүсү (махабат кумары) ж.б. |
| **Чарбалык-тиричиликтик** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн тамак-аш, материалдык байлык топтоосу үчүн биримдикте эмгектенүүсү; үй-жай (боз үй), мал күтүүсү жана алардын башын азайтпай, улам көбөйтүп отурушу; кийим-кечек, жууркан-төшөк, балта-теше дегендей тиричилик буюмдары менен камсыздоо; үйдөгү жана малканадагы жайлуулукту түзүү, үй-бүлө каражаттарын туура сарптоо, сарамжал кармоо жана керегине жараша туура пайдаланууну уюштуруу ж.б. |
| **Рекреациондук** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн дене-бой жактан өсүшүн камсыздоо; үй-бүлө мүчөлөрүнүн акыл-эсин жогорулатууга кам көрүү. |
| **Эмоционалдык** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бири менен сый мамиледе болушу, бири-бирине сүйүү менен карашы; бири-биринин эмоцияларын түшүнүүсү жана колдоосу. |

| | |
|---|---|
| **Регенеративдик** | регенеративдик (латынчадан которгондо «regeneratio» деген сөздүн мааниси «кайра жаралуу», «кайра улантуу»). Бул функция ата-энеден, андан жогору уруу-уругунан келе жаткан кадыр-баркты, мүлктү, наам-даражаны мурас катары кийинки бала-чакасына коротпой өткөрүп берүү менен байланышат. |
| **Руханий (жан дүйнөлүк)** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн көркөм өнөр чыгармаларын (манас; күү, ыр, жомок, табышмак, жаңылмач ж.б.) бир угуп, бирге талкуулоосу; бош убактылары чогуу өткөрүү; руханий маданий дүйнөсүн биримдикте байытуу. |
| **Социалдык** | үй-бүлө мүчөлөрүн турмушка даярдап социалдаштыруу, социалдык көзөмөл. |
| **Таалим-тарбиялык** | балдарды ар тараптуу тарбиялоо; ата-эненин жана мурдагы урпактардын тарбиялоо тажрыйбаларын кийинки муундарга өткөрүп берүү; балдар менен байланыш, алардын жетилген инсан болушу үчүн мотивацияларды даярдоо; этикалык-эстетикалык жактан балдарга үлгү боло ала турган инсандар менен тааныштыруу, алардын таасирин тарбиялоого тартуу. |

Салттуу үй-бүлөдөгү эреже-нормалар көптөгөн кылымдарда калыптанып бүтсө да, муундан муунга өткөрүлүп келген болсо да, ал диний эрежелердин (мисалы, кыргыздаргаислам дининин кириши), айрым башкаруучу төбөлдөрдүн саясатына, географиялык жана климаттык шарт-жагдайларга, экономикалык абалга байланыштуу өзгөрүп кетиши ыктымал.

Үй-бүлөлүк салттарга кыргыздардын үй-бүлө эрежелеринин жалпы мыйзамдары, жүрүм-турумдары, адаттары, ишенимдери, бири-бири менен болгон мамилелери кирген. Бирок алар сенек болуп катып калган нерсе эмес, улам өзгөрүп, өркүндөп, байып турган көрүнүш.

**Жыйынтык**

Кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлө институтунун компоненттери жана салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн функциялары аныкталды. Салттуу кыргыз үй-бүлөсү кандайдыр бир мезгилде коомчулук тарабынан түзүлгөн жана калыптанган жүрүм-турумдун эрежелери, руханий жана материалдык баалуулуктар, идеялар, салттар, ырым-жырым, жөрөлгөлөр сыяктуу нерселерден тургандыгы далилденди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Абрамзон, С.М.** Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С.М.Абрамзон.– Б.: фонд Кыргызстан - Сорос, 1999.- С. 196 - 202.- Режим доступа: https://new.bizdin.kg/media/books/
2. **Муратов, А.** Кыргыз эл педагогикасы: табияты жана тарыхы [Текст] / А.Ж.Муратов. – Б.: Турар, 2011. – 153б. Режим доступа: https://lib.kao.kg/muratov-abdykerim-kyrgych-el-pedagogikasy-tabiyaty-taralyshy-zhana-taryhy/
3. **Каденова, Ж.Т.** Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор жана анын тарбиячылары [Текст] / Ж.Т. Каденова // Кыргыз билим берүү

академиясынын кабарлары.– Бишкек, 2017. – №4. – Б. 192 - 194. - Режим доступа: http://izvestia.kao.kg/2018/06/24/izvestija-kao-1-41-2017/

4. **Муратов, А. Ж.** Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети [Текст] / А.Ж. Муратов, К.К. Акматов.– Бишкек: Sputnik, 2020. – Б. 83 - 84.
5. **Каденова, Ж.Т.** Причины невоспитанности Манаса и пути их исправления [Текст] / Ж.Т. Каденова // Интернаука. – Москва, 2017 – №5(9). –II часть.– С.66 - 69.- Режим доступа: URL:https://internauka.org/journal/science/internauka/9
6. **Каденова, Ж.Т.** Идеи и опыт трудового воспитания в народной педагогике киргизов [Текст] / Ж.Т. Каденова // матер. XI Межд. научно-практической конференции / Сборник статей. Часть 2. – Москва, 2018. – С. 323 - 328.
7. **Каденова, Ж.Т.** Билимге жана чыгармачылыкка карай изденуунун башаты [Текст] / Ж.Т. Каденова // Наука. Образование.Техника.– Ош: КУУ, 2014.– №2 – С. 41- 44.

*Поступила в редакцию 26.02.2021 г.*